УДК 911.52

**Осмоналиева Гульмира Касыкеевна**
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун факультеттер аралык мамлекеттик тил кафедрасынын башчысы ф.и.к, проф.*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.*
ogk.67@mail.ru

# ЗАМАНБАП САБАКТАРДА МУЛЬТИМЕДИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ ЗАРЫЛЧЫЛЫГЫ

***Аннотация:*** Аталган макалада – кыргыз тилин кесиптик тил катары окутууда заманбап санариптештирүү маселелери каралат. Андан тышкары, мезгил талабына ылайык кыргыз тили жана адабият сабактарын жаңы техногияларды колдонуу менен окутуу боюнча мисалдары келтирилип, азыркы мезгилдеги зарылчылыгы белгиленди.
***Негизги сөздөр:*** заманбап технологиялар, санариптештирүү, мультимедия технологиялар, окуу процесси, ааламдаштыруу процесси, билим берүү сапаты, онлайн сабактар, функционалдуу грамматика,электрондук китепкана, окутуу сайттары, слайд, инфографика, видеографика, GIF-сүрөт, Z-муунун.

**Осмоналиева Гульмира Касыкеевна**
*КНУ им. Ж. Баласагына, межфакультетская кафедра государственного языка, к.ф.н. проф. Кыргызская Республика, г.Бишкек*
*e-mail:* ogk.67@mail.ru

# НЕОБХОДИМОСТЬ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ МУЛЬТИМЕДИЙНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ НА СОВРЕМЕННЫХ УРОКАХ

***Аннотация****:* В статье рассматриваются вопросы преподавания кыргызского языка и литературы, как языка специальности, с использованием технологий цифровизации. Также, в статье даются некоторые примеры использования новых технологий на занятиях по кыргызскому языку и подчеркивается необходимость соответствия требованиям сегодняшнего дня.
***Ключевые слова:*** современные технологии, цифровизация, мультимедийные технологии, процесс обучения, процесс глобализации, качество образования, онлайн-уроки, функциональная грамматика, электронная библиотека, обучающие сайты, слайды, инфографика, видеографика, GIF-файлы, Z-поколение.

**Osmonalieva Gulmira Kasykeevna**
*KNU named after Zh. Balasagyn*
*candidate of Philological Sciences, profess.*
*Kyrgyz Republic, Bishkek*


*e-mail:* ogk.67@mail.ru

# THE NEED TO USE MULTIMEDIA TECHNOLOGIES IN MODERN LESSONS

***Abstract:*** The article discusses the issues of teaching the Kyrgyz language and literature as the language of the specialty using digitalization methods. Also, the article provides some examples of the use of new technologies in the classroom and shows the need to meet the requirements of today.
***Keywords:*** modern technologies, digitalization, multimedia technologies, educational process, globalization, quality of education, online lessons, functional grammar, electronic library, educational sites, slides, infographics, video graphics, photo - GIF, generation Z.

Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2019-жыл «Аймактарды өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы » деп белгилегени тууралуу ар бир жаранга маалым. Билим берүү тармагында санариптештирүү бүгүнкү күндүн талабы, андыктан окуу процессин санариптештирүү, окуу материалдардын электрондоштуруу, мультимедиялык технологияларды колдонуу - азыркы мезгилдин эң маанилүү маселелеринин бири деп эсептейбиз. Андыктан, аталган ыкмалар келечекте ааламдаштыруу процессиндеги жалпы билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун натыйжалуу жолу болоору абзел. 2019-жылы башталган пандемия- мугалимдердин онлайн форматта сабактарды берүүгө, заманбап технологияларын эркин колдонуп, наатыйжалуу сабактарды уюштурууга даяр эместигин аныктаган. Бул маселе боюнча көптөгөн көйгөйлөр кездешкен.

***Мисалы :***




Мезгил талабына ылайык ар бир сабакты, анын ичинде кыргыз тили жана адабият сабактарын жаңы техногияларды колдонуу менен окутуу зарыл.

Кыргыз тилин окутуу менен окуучуну тилдин системасын, анын мыйзамдарын, функционалдык, коммуникативдик ишмердүүлүгүн так билип, түшүнүүгө үйрөтүү менен суйлөө маданиятынын денгээлин өстүрүү керек [1слайд].

**Студенттердин жана окуучулардын:**

— оозеки, жазуу, байланыштуу кебин жана чечендик жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталган заманбап технологияларды колдонуу зарыл.

— кыргыз тили жана адабият сабактарынын компетенттүүлүктүн негизинде уюштуруп окутуу менен окуучуларды кызыктыруу керек.

— Ал эми креативдүү денгээлдеги натыйжаларга жетиштирүү үчүн жана биз окутуп жаткан **Z муундагы** балдардын денгээлине “жетиш үчүн” - маалыматтык технологияларды эркин колдонуу - мугалимдердин бирден бир милдети.

Буга байланыштуу азыркы күндө окутуучулар жана билим берүүдө кызматтанган адистер көп иштерди жасап, бир кыйла астыга жылды.

Мисалы: Билим берүү жана илим министрлигинин Сапат боюнча координациялык кеңеши жана коллегиясы Кыргыз Республикасындагы Электрондук окутууну жана санариптик башкарууну өнүктүрүү боюнча улуттук концепциянын долбоору иштөөдө.

Долбоордун Концепциясы Кыргыз Республикасынын 2018-40-жылдарга туруктуу өнүктүрүү боюнча “Таза коом – жаңы доор” улуттук стратегиясынын **“Бел болчу билим, из калтырчу илим”** багытынын негизинде иштелип чыкты. Программа улуттук, аймактык жана институттук деңгээлде жашаган жерине жана социалдык статусуна карабастан аймактык, социалдык теңчиликти түзүү аркылуу сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү жана адамдык, каржылык ресурсту рационалдуу пайдалануу менен электрондук окутууну жана билим берүү тармагында санариптик башкарууну түзүү, өнүктүрүү максатын көздөйт.

Албетте бул максаттар бир канча багытта ишке ашырылышы керек, бирок заманбап электрондук китепкана түзүлүп, азыркы күндө мугалимдерге көмөк көрсөтүп, жогоруда айтылган көйгөйлөрдөн бир кыйла арылып, системага салынып келүүдө.

**Алардын ичинен:**

— **lib.kg сайтынан** керектүү китептерди тапса болот

Бул “Ачык китепканадан” мектеп окуу куралдарын, китепканалардын архивинен сейрек кездешүүчү китептерди, диссертацияларды табууга, бардык материалдардын электрондук түрүн жүктөп алууга болот.

lib.kg сайты учурда Улуттук китепкананын серверине жайгаштырылган. “Сорос-Кыргызстан» фондунун «Маалымат эркиндиги» программасы тарабынан ишке ашырылып жатат. Келечекте бул сайт дагы толугу менен министрликтин карамагына өтөт. Азыр сайтта кыргыз, орус жана тажик тилдеринде билим берген мектептер үчүн Кыргызстанда басылып чыккан төрт жүзгө жакын китептер, алты жүзгө жакын диссертация, сегиз жүзгө жакын сейрек кездешүүчү китеп PDF форматында жайгаштырылган [2, с.1].

**«Билим Булагы»** порталы мугалимдер менен окуучулардын жардамчысы жана интернет- консультанты десек жаңылышпайбыз.

Окутуу сайтында мугалимдер кыргыз тили, адабияты, өлкө таануу жана “Манас” таануу сабактары боюнча керектүү материалды тапкандан бөлөк - кызыктуу аудио жана видео материалдарды алып колдонсо болот. [3, с.1]

Видео материалдар жөнүндө токтоло кетсек:

1. В**идео** - бул окуу мазмунун онугүү, динамикалык абалда натыйжалуу, коркөмдүү берүүнүн заманбап технологиясы.

Видео кызыктуу темага дал келген, көрсөтүүнүн, аудио материалдын сапаты жакшы болушу зарыл Мөөнөтү 10-20 минутадан ашпаш керек, анпесе тажатма болуп, балдарга кызыксыз болуп калат. Видео материалдар окуучулардын билимин терендетип, көрүү, сезүү, угуу сезимдерин ойготуп натыйжада **талкуу** жаратышы керек.

2. **Видеофрагменттерди** сабактын ар кандай этаптарында колдонууга болот. Мугалим видео материалды сабактын максатына жараша даярдайт, демонстрация кылардан мурда окуучуларга тапшырма берип (жупта,топто,жекече ) даярдаса болот.

Видео болуп жатканда мугалим окуучулардын көнүлүн буруу же фрагментти чечмелөө максатында карсөтүүнү токтотуп, аудиторияга кайрылса болот. Көрүп бүткөн соң талкуулоо сабактын маанилуу этабы.

Материал боюнча маек куруу, суроо-жооп, урунттуу учурларды талкуулоо жана баалоо этапы эске алынышы керек.

Мисалы: Акын-жазуучулардын өмүр - баяны,чыгармачылыгы тууралуу видеолорду колдонсо,чыгарманын негизинде тартылган кинофильмдерден видеофрагмент ,көркөм окуулар боюнча аудио, видео матералдарды колдонуу, каармандарды көрсөтүп сүрөттөө жана эпизоддор аркылуу чыгарманын маңызын ачып берүү абдан ыңгайлуу жана кызыктуу:

1.Алсак,сабактын башында - актуалдаштыруу, мотивация берүү, көйгөйдү же көйгөйлүү кырдаалды берүүдө

2.Жаны материалды үйрөнүүдө - зарыл маалыматтарды издөө жана талдоо.

3.Сабактын аягында - билимдерди бышыктоодо, Видео аркылуу окуучуда байкоо жургузуу,коргонун айтып беруу билгичтиги калыптанат.Эске тутуусу,чыгармачылык жондодуулугу онугот.

- Стоп кадр 2-5 минуттөн болушу керек
- Көрсөтүүнүн сапатуу болушу зарыл
- Сабактын бардык этаптары кызыктуу болуусу керек
- Ар бир видеоматериалдан кийин талкуу болушу зарыл.

**Инфографика** - маалыматты тез кабыл алып оңой түшүнүүнүн бир жолу катары сунушталат. Презентацияны слайд аркылуу кабыл алуу бул - окуу процессинде сабактын максатына жетүүнүн эң натыйжалуу жолу.

**Слайд** сабактын максатына жараша түзүлүп, мазмуну, шрифт, түс, дизайн эске алынышы керек. Окуучулар алган билимдин негизинде темага кызыгуу менен ар тараптуу маалыматтарды топтоп слайд жасап, презентация кылган учурда – керектүү материалды чогултат жана билип алат.

**Кайталоодо** презентациялардын негизинде окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсү, оз алдынчалуулугу өсөт.




Слайддарды ар кандай түстө, формада жана көлөмдө берүүгө болот: китептеги маалымат боюнча слайд жасоо, аудио материалдарды коштоп жасоо, титр менен слайд жасоо:

- Изилдөөчүлүк слайд (китепте жок маалымат)
- Аудио-маалыматты үн түрүндө берүү
- Манасчылардын акын-жазуучулардын, тарыхый инсандардын үн жазууларын же табияттагы үндөрүн уктуруу.

Мында үн иллюстрациялары маанилуу роль ойнойт.

Көркөм сүйлөгөө, басым, тыным жана ыргакка көнүл буруу керек. Аудио уктурууну көркөм окуунун үлгүсү катары колдонсо

**GIF-сүрөт** тез-тез алмашып туруучу, сүрөттөрдүн ырааттуу берилиши видеофильмдерден алынып, каарманды же кубулуш менен курчап турган чындыкты чагылдыруу менен талдоо, синтездөө, деталды көрсөтүү үчүн берилет.

Ошентип, жалпысынан айтканда кыргыз тили жана адабият сабактарында мультимедиялык технологияларды пайдалануу зарылчылыгы замандын талабына жооп бериши керек. Ал эми жаңы технологияларды билип колдонуу – бул окутуучулардын чыгармачылыгы жана профессионалдык өсүшү катары эсептелинет. Андыктан бул ишти токтотпой уланта берүүбүз зарыл. Жана атап кеткен долбоор иштери жергиликтүү билим берүү тармагынын адистери жана маалымат технологияны мыкты билген адистер тарабынан ишке ашырылып, өнүгүүсү зарыл.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

1. Осмоналиева Г.К. “Онлайн сабак берүүнүн өзгөчөлүктөрү - жеке материалдар, 2020-ж”

2. https://edu.gov.kg/,

3. bilimbulagy18@gmail.com